ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын

№16 чогулушунун протоколунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

*2026.24.02*

*Ош шаары*

*Төрага - Жолдошов Т.М.*

*Катчы – Мамадиярова А.А.*

*Катышкандар: кафедранын мүчөлөрү(тизме тиркелет).*

**К Ү Н Т А Р Т И Б И:**

4.1 «Колдонмо математика жана информатика» адистигинин «JavaScript тилинде оюн жасоо» дисциплинасынын алкагында КМИГД кафедрасынын окутуучусу Турдукулов Сабырбек тарабынан өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабактын жыйынтыгы жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

*КМИГД кафедрасынын башчысы, тех.и.к., доцент Т. Жолдошов сөз сүйлөдү:*

2026-жылдын 17-февраль күнү КМИГД кафедрасынын окутуучусу Турдукулов Сабырбек тарабынан «JavaScript тилинде баскычты басуу (click) окуяларын иштетүү» темасында ачык лабораториялык сабак өткөрүлдү.

Сабактын узактыгы 90 мүнөттү түздү.

Сабактын максаты: Студенттерге JavaScript тилинде баскычты басуу (click) окуясын иштетүүнү үйрөтүү жана веб-баракчада интерактивдүүлүктү түзүү көндүмүн калыптандыруу болду.

Сабак уюштуруу бөлүгү менен башталып, студенттердин катышуусу такталды. Өтүлгөн темаларды кайталоо максатында суроо-жооп уюштурулуп, өзгөрмөлөрдүн түрлөрү (var, let, const), салыштыруу операторлору (=, ==, ===), сактоо механизмдери (localStorage, sessionStorage), убакыт функциялары (setTimeout, setInterval) жана маалыматтын негизги типтери боюнча билим деңгээли текшерилди.

Жаңы тема презентациялык материалдардын негизинде ырааттуу түшүндүрүлдү. Click окуясынын иштөө принциби, addEventListener() ыкмасы жана DOM элементтери менен иштөө тартиби практикалык мисалдар аркылуу көрсөтүлдү.

Лабораториялык иштин жүрүшүндө студенттер тайпаларга бөлүнүп, ар бир тайпага өз алдынча программалык тапшырмалар берилди. Тапшырмалар логикалык ой жүгүртүүнү, шарттык операторлорду жана циклдерди колдонуу аркылуу мини-оюндарды иштеп чыгууга багытталды.

Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүндө тесттик суроолор колдонулуп, студенттердин жетишкендиктери белгиленди. Баалоо бекитилген критерийлердин негизинде жүргүзүлдү.

Жалпысынан сабак мазмундук жана методикалык талаптарга жооп берери, практикалык багыттуулугу жана студенттердин активдүү катышуусу камсыздалганы белгиленди.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

4.1 «Колдонмо математика жана информатика» адистигинин «JavaScript тилинде оюн жасоо» дисциплинасынын алкагында КМИГД кафедрасынын окутуучусу Турдукулов Сабырбек тарабынан өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөндүгү маалымдалсын.

4.2. Колдонулган инновациялык жана практикалык ыкмалар кафедра ичинде тажрыйба алмашуу максатында сунушталсын.

4.3. Окутуучуга мындан ары дагы окутуунун сапатын жогорулатуу багытында иш алып баруу сунушталсын.

*Төрага:* *Т.М. Жолдошов*

*Катчы:* *А.М. Мамадиярова*